**Банктык кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө тыюу салынганы менен таанышкандыгы жөнүндө**

**КОЛ КАТ (КАРДАРДЫН ЫРАСТООСУ)**

Мен,______________________________________________________________________________,
паспорт:________________________________, ПИН/ИСН (бар болсо):________________________________,

«ЭкоИсламикБанк» ЖАКтын кардары болуп, ушул аркылуу банктык картаны алганга, банктык эсепти ачканга, аралыктан банктык тейлөөгө (Интернет-/Мобилдик банкинг) кошулганга же Банктын башка төлөм кызматтарын алганга чейин мага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптары жана банктык кызматтарды коопсуз пайдалануу эрежелери түшүндүрүлгөндүгүн ырастайм.

**Мага төмөнкүлөр түшүндүрүлдү жана түшүнүктүү:**

Банктык карта, банктык эсеп, электрондук төлөм каражаты, электрондук капчык, логин, сырсөз, PIN-код, SMS аркылуу ырастоо коддору, бир жолку коддор, биометрикалык аутентификация каражаттары, токендер, операцияларды ырастоочу QR-коддор, ошондой эле банктык кызматтарга жеткиликтүүлүктүн башка бардык каражаттары жеке өзүмдүн пайдалануум үчүн гана арналган.
Мен көрсөтүлгөн жеткиликтүүлүк каражаттарынын купуялуулугун камсыз кылууга милдеттүүмүн жана аларды берүү себептерине карабастан, анын ичинде акчалай сый акы үчүн, тааныштарымдын, туугандарымдын, иш берүүчүлөрүмдүн, ортомчулардын же башка адамдардын өтүнүчү боюнча, толугу менен же жарым-жартылай үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө укугум жок.
Менин банктык продуктуларымдын жана жеткиликтүүлүк каражаттарымдын үчүнчү жактар тарабынан пайдаланылышы алдамчылык, кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо), кылмыштуу ишти каржылоо, дропперлик жана башка укукка каршы аракеттерди жасоо менен байланыштуу болушу мүмкүн экендиги мага белгилүү.
Мен банктык картаны, электрондук төлөм каражатын, электрондук капчыкты, SIM-картаны, банктык эсепти, логиндерди, сырсөздөрдү, PIN-коддорду, SMS-коддорду жана башка жеткиликтүүлүк каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө же сатууга Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынгандыгы жөнүндө эскертилдим.
Мага Банктык картаны, электрондук төлөм каражатын, электрондук капчыкты, SIM-картаны жана башка жеткиликтүүлүк каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп бергендиги же саткандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 209-1-беренесине ылайык Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында кылмыш-жаза жоопкерчилиги каралгандыгы түшүндүрүлдү.
Көрсөтүлгөн жеткиликтүүлүк каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп берген учурда бардык операциялар менин атымдан жүргүзүлүшү мүмкүн экендигин түшүнөм, бул мүлктүк зыяндын келтирилишине, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жарандык-укуктук, административдик же кылмыш-жаза жоопкерчилигинин келип чыгышына алып келиши мүмкүн.
Мага Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында жана Банктын ички документтеринде каралган чараларды колдонууга укуктуу экендиги, анын ичинде мыйзамдарда каралган негиздер болгон учурда айрым операцияларга чектөө коюу же аларды убактылуу токтотуу, операцияны жүргүзүүдөн баш тартуу же банктык картаны, эсепти же аралыктан банктык тейлөөнү бөгөттөө укугу бар экендиги түшүндүрүлдү.
Мен «ЭкоИсламикБанк» ЖАКка төмөнкү учурларда токтоосуз билдирүүгө милдеттенем:
банктык картаны жоготкон учурда; банктык кызматтарды алуу үчүн пайдаланылган мобилдик телефонду же SIM-картаны жоготкон учурда; логиндердин, сырсөздөрдүн, PIN-коддордун, SMS-коддордун же башка жеткиликтүүлүк каражаттарынын купуялуулугу бузулган учурда;
менин банктык продуктуларыма уруксатсыз жеткиликтүүлүк болгондугуна шектенүү пайда болгон учурда.

Ушуну менен ушул кол каттын мазмуну мага толугу менен түшүндүрүлгөнүн, түшүнүктүү экендигин, өзүм окуп чыкканымды жана анын мазмуну боюнча эч кандай суроолорум жок экендигин ырастайм.

Ушул кол катка кол коюу менен банктык картаны, банктык эсепти, электрондук төлөм каражатын, электрондук капчыкты, логиндерди, сырсөздөрдү, PIN-коддорду, SMS-коддорду жана башка жеткиликтүүлүк каражаттарын үчүнчү жактарга өткөрүп берүүгө тыюу салынгандыгы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексинин 209-1-беренесинде каралган кылмыш-жаза жоопкерчилиги жөнүндө эскертилгенимди ырастайм.

Кардардын аты-жөнү: ________________________________________

Дата: «__» ____________ 20__ ж.    колу: ________________________